
# 2016-ЖЫЛДАГЫ ҮЛГҮДӨГҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН ӨРКҮНДӨТҮЛГӨН БАНКНОТТОРУ




## Банкнотторго түшүрүлгөн улуу инсандардын элестери жайгашкан жерди сыдырып көрүүдө колго урунуп, өзгөчөлөнүп билинип турат

*(20 сом номиналындагы банкноттордон тышкары)*

1. Банкнот беттерине түшүрүлгөн улуу инсандардын элестери буга чейин майда сандарды тыгыз жайгаштыруу менен түшүрүлгөн болсо, бул белги гравировкалоо аркылуу **классикалык ыкмада** аткарылган.
2. Банкноттордогу жазуулар, номинал көрсөтүлгөн жерлер өзгөчөлөнүп билинип турат.

## Банкнотторду жарыкка салып кароодо төмөнкүдөй коргоо белгилери көрүнөт:

3. **Суу белгиси (атайы белги).** Банкнот бетине түшүрүлгөн улуу инсандардын элесине жана номинал сандарына дал келген суу белгиси *(20 жана 50 сом номиналындагы банкноттордон тышкары).*
4. **Коргоо тилкеси.** Номинал саны камтылган көзөнөкчө түрүндөгү бул коргоо белгиси банкнотту жарыкка салып кароодо бүтүн тилке катары чагылып көрүнөт.
5. **Бири-бирине дал келтирилип түшүрүлгөн белги** жарыкка салып кароодо "сом" деген жазууну чагылдырат.
6. **Mask элементи**. Банкнотту жарыкка салып кароодо "сом" деген сөз пайда болот *(20, 50 жана 100 сом номиналындагы банкноттордон тышкары).*

## Банкнотторду жантайыңкы алып кароодо



7. **Голографикалык тилке** банкнотту *(20, 50 жана 5000 сом номиналындагы банкноттордон тышкары)* жантайыңкы алып кароодо анын эң четки кырында тигинен жайгашкан күмүш түстүү тилкеде камтылган сүрөттөлүштөр өзгөрүп турат.
8. **Көмүскө сүрөттөлүш**. Банкнотту жантайыңкы алып кароодо номиналдын саны жоголуп же пайда болуп турат *(20 сом номиналындагы банкноттордон тышкары).*
9. Банкноттун *(20 сом номиналындагы банкноттон тышкары)* арткы бетинде **седеп түстө** жазы тилкеде банкноттун номиналы жана «КЫРГЫЗ БАНКЫ» деген сөздөр жайгаштырылган.

*5000 сом номиналындагы банкнотто гана*

10. **Түсүн өзгөрткөн коргоо тилкеси** номинал саны камтылган көзөнөкчө түрүндөгү бул белги жантайыңкы алып кароодо кызыл түстөн жашыл түскө өзгөрөт.
11. **Түстөрдүн өзгөрүшү:** банкнотту оң-солго жантайтып кароодо номиналдын саны кочкул жашыл түстөн ачык жашыл түскө өзгөрөт, ал эми жогору-төмөн көздөй жантайтууда жашыл түстөн көк түскө өзгөрөт.

Улуттук валютанын бардык банкноттору Кыргыз Республикасынын аймагында расмий төлөө каражаты статусуна ээ жана чыгарылган жылына карабастан, төлөө каражаты катары, эч кандай чектөөлөрсүз, милдеттүү түрдө кабыл алынууга тийиш.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**
**Кошумча маалыматтарды www.nbkr.kg дареги боюнча интернет-сайттан алууга болот.**